**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ Ш-208 «30» 04 2021

Сизд.чыг. (На) №________ «____» ________20___

**Б.Т. Шерматовго**
**Дареги: Баткен облусу,**
**Кадамжай району,**
**Бирлик айыл өкмөтү,**
**Сырт а.**
**Тел.: 0779898736**
**e-mail: aziz8113@gmail.com**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – БШК) Сиздин даттанууңузду карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 59-1-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, *шайлоо округунда резервге калтырылган мандаттардын саны тиешелүү шайлоо округундагы мандаттардын жалпы санына жараша болот:*

*1) 2,3 мандаттуу шайлоо округунда 1 мандат резервге калтырылат;*

*2) 4,5,6 мандаттуу шайлоо округунда 2 мандат резервге калтырылат;*

*3) 7,8,9,10 мандаттуу шайлоо округунда 3 мандат резервге калтырылат;*

*4) 11,12,13 мандаттуу шайлоо округунда 4 мандат резервге калтырылат;*

*5) 14,15,16 мандаттуу шайлоо округунда 5 мандат резервге калтырылат.*

Көрсөтүлгөн мыйзамдын талаптарынын негизинде Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын сунушунун негизинде БШКнын 2021-жылдын 19-февралында № 46 токтому менен 21 мандаттуу (анын ичинен 8 аялдар үчүн резерв) Кадамжай районунун Бирлик айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоодо төмөнкү 5 шайлоо округдары түзүлүп, бекитилген.

– 5 мандаттуу №1 «Ормош» шайлоо округу (УШК №8132) **анын ичинен 2 аялдар үчүн резерв**;

– 5 мандаттуу №2 «Жал» шайлоо округу (УШК №8133) **анын ичинен 2 аялдар үчүн резерв;**

– 5 мандаттуу №3 «Сырт» шайлоо округу (УШК №8134) **анын ичинен 2 аялдар үчүн резерв;**

– 3 мандаттуу №4 «Чечме» шайлоо округу (УШК №8135) **анын ичинен 1 аялдар үчүн резерв;**

– 3 мандаттуу №5 «Эшме» шайлоо округу (УШК №8214) **анын ичинен 1 аялдар үчүн резерв.**

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө айылдык кеңештин депутаттарынын мандаттарынын 30 пайыздан аз эмеси ар бир шайлоо округу боюнча аялдар үчүн резервге калтырылат.

**Урматтоо менен,**

**Төраганын орун басары** **А. Бекматов**

Атк.: Берикбаева К.К. 660118